| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ<br>НООКЕН РАЙОНУ<br>БҮРГӨНДҮ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>НООКЕНСКИЙ РАЙОН<br>БУРГАНДИНСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ |
|---|---|

Бүргөндү айылдык кеңешинин
XXVIII – чакырылышынын кезектеги XVIII – сессиясынын

Жаңы-Арык айылы

**№ 2 – Т О К Т О М У**

6-апрель 2023-жыл

**“ Кызыл-Кыя, Жаштык жана Жаңы-Арык айылынын тургундарынын ден-соолугунун муктаждыгына байланыштуу жазган кайрылууларын кароо жөнүндө”**

Кызыл-Кыя айылынын тургундары Б.Темировдун, С.Абдуллаеванын, Н.Кадыркулованын, Жаштык айылынын тургуну М.Жумаказы кызынын, Жаңы-Арык айылынын тургундары М.Абдалованын, Г.Матиеванын жана А.Эгембердиевдин ден-соолугунун муктаждыгына байланыштуу жазган кайрылууларын угуп жана талкуулап Бүргөндү айылдык кеңешинин XXVIII – чакырылышынын кезектеги XVIII – сессиясы

**Т О К Т О М  К Ы Л А Т:**

1. Кызыл-Кыя айылынын тургундары Б.Темировдун, С.Абдуллаеванын, Н.Кадыркулованын, Жаштык айылынын тургуну М.Жумаказы кызынын, Жаңы-Арык айылынын тургундары М.Абдалованын, Г.Матиеванын жана А.Эгембердиевдин ден-соолугунун муктаждыгына байланыштуу жазган кайрылуулары эске алынсын.

2. Үй шарты оор болуп дарылануу үчүн муктаж болгон айыл өкмөтүнүн Кызыл-Кыя айылынын Кыпчак-Талаа көчөсүнүн тургуну Б.Темировго 10 000 (он миң) сом, Кызыл-Кыя айылынын тургундары С.Абдуллаевага 20 000 (жыйырма миң) сом, Н.Кадыркуловага 20 000 (жыйырма миң) сом, Жаштык айылынын тургуну М.Жумаказы кызына 5000 (беш миң) сом, Жаңы-Арык айылынын тургундары М.Абдаловага 20 000 (жыйырма миң) сом, А.Эгембердиевге 30 000 (отуз миң) сом жана Г.Матиевага 30 000 (отуз миң) сом жалпысынан 135 000 (бир жүз отуз беш миң) сом акча каражаты жардам иретинде жергиликтүү бюджеттин эсебинен ажыратылып берилсин.

3. Жогоруда каралган акча каражаттары менен камсыз кылуу жагы айыл өкмөтүнүн башкы эсепчиси М.Осмоновго жүктөлсүн.

4. Бул токтом массалык маалымат каражаттарына же сайтка жарыялансын.

5. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Бүргөндү айылдык кеңешинин Финансы, бюджет экономика, чакан жана орто бизнести өнүктүрүү боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы Ө. Калмуратовко милдеттендирилсин.

**Бүргөндү айылдык кеңешинин төрагасы:** **Б. Кубатов**